# КООМДУК КЕҢЕШТЕР ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕНИ БИЛИШ КЕРЕК

www. ons.kg

## КООМДУК КЕҢЕШТЕР ДЕГЕН ЭМНЕ (КК)?

- бул мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу жана аткаруу маселелерине коомчулукту катыштыруу механизми.

ККга катышуу – ыктыярдуу жана акысыз

*"Коомдук кеңештер коомчулуктун министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор менен өз ара иштешүү жана кызматташуу формаларынын бири болуп саналат. Коомдук кеңештерди түзүү коомчулуктун министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор менен өз ара иштешүү жана кызматташуусунун башка формаларын, ошондой эле алардын ишмердүүлүгүнө коомдук мониторинг жүргүзүүнү чектебейт".*

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик органдардын Коомдук кеңештери жөнүндө" 2014-жылдын 24-майындагы №74 Мыйзамы

## КООМДУК КЕҢЕШТЕРДИН МАКСАТТАРЫ

- Мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө байланышкан коомдук демилгелерди илгерилетүү;
- Мамлекеттик органдарга коомдук мааниге, анын ичинде стратегиялык мүнөзгө ээ болгон сапаттуу чечимдерди даярдоого жана кабыл алууга көмөктөшүү;
- Мамлекеттик органдардын каржылык каражаттарды жана гранттарды пайдалануусунун айкындуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатуу;
- Калкка мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу.

Кененирээк: "Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (4-берене)

КК чечимдери сунуштама мүнөздө болот

## КООМДУК КЕҢЕШТЕРДИН УКУКТАРЫ

- Ченемдик-укуктук актылардын жана башкаруучулук чечимдердин долбоорлорун иштеп чыгууга жана аларды коомдук талкуулоого катышуу;
- Коомдук угууларды жана башка иш-чараларды уюштуруу;
- Коомчулукка мамлекеттик органдын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берүү;
- Мамлекеттик органдардын коомчулук менен иштешүүсүнө көмөктөшүү;
- КР Мыйзамдары тыюу салбаган каржылоо үчүн каражаттарды тартып келүүгө;
- Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун (жумушчу топтордун, коллегиялардын ж.б.) жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн отурумдарында, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун ж.б. конкурстук, тендердик жана башка комиссияларынын ишине байкоочу катары катышуу.

Кененирээк: "Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (5-берене)

## КООМДУК КЕҢЕШТЕРДИН МИЛДЕТТЕРИ

- Маморгандардын ишмердүүлүгү маселелери боюнча жарандардын жана жарандык коомдун уюмдарынын сунуштарын кабыл алуу жана карап чыгуу;
- КК ишмердүүлүгү жана чечимдери жөнүндө коомчулук алдында маалымат жана отчет берип туруу.

Кененирээк: "Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (6-берене)

## КООМДУК КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ

КК Комиссия тарабынан конкурстук негизде түзүлөт.

2 ЖЫЛГА

2 жылга чейин.

7-15 адам

КК 7ден кем эмес, 15тен ашык эмес мүчөдөн турат.

1 адам

Бир уюмдан тигил же бел ККга бир гана адам шайланышы мүмкүн. Бир эле адам бир гана ККга мүчө болушу мүмкүн.

КК курамына кирүү үчүнталапкерлер жарандардын өзүн-өзү көсөтүү жолу менен сунушталса болот.

### ККГА ТАЛАПКЕРГЕ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

- КРдин аракетке жөндөмдүү жараны
- Соттолбогон
- Мам/муниципалдык кызматкер эмес
- Кынтыксыз жүрүм-турум
- КК караштуу мамарганда туугандары жок
- КК караштуу маморганга көз каранды эмес
- Жигердүү коомдук ишмердүүлүк боюнча тажрыйбасы бар

Кененирээк: "Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (14-берене)

### ККГА ТАЛАПКЕРДИН ДОКУМЕНТТЕРИ

- Талапкердин арызы
- Сүрөтү менен резюме
- Жок дегенде эки сунуштама кат
- ККдагы ишине болгон көз карашы

1 ай

Конкурска катышуу үчүн документтер ЖМКга жарыяланган күндөн тартып бир ай ичинде кабыл алынат.

**Коомдук кеңештин жаңы курамын түзүү Ккоомдук кеңештин мурдагы курамынын ыйгарым укуктары бүткөнгө чейин 7 календардык күн калгандан кечиктирбестен жүзөгө ашырылат.**

**Коомдук кеңештин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бүткөнгө чейин 2 айдан кем эмес мурда Комиссия коомдук кеңештин жаңы курамын шайлоо үчүн конкурс жөнүндө кулактандыруу жарыялайт. Конкурс жөнүндө кулактандыруу ЖМКга жарыяланат.**

## КООМДУК КЕҢЕШТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

КК мүчөлөрү - бир жыныстагы 70 пайыздан ашык эмес адамдардан турат.

70%

### КК ТӨРАГАСЫ

- КК ишмердүүлүгүн уюштурат;
- КК отурумдарына төрагалык кылат;
- КК документтерине кол коет;
- КК чечимдерин ишке ашырат;
- ККнын атынан маморгандарда өкүлчүлүк кылат

### КК ТӨРАГАСЫНЫН ОРУН БАСАРЛАРЫ

- Төрага жок мезгилде анын милдеттерин аткарат;
- КК жумушчу топторунун, комиссияларынын ишин е көз салат.

### КК КАТЧЫЛЫГЫ

- КК отурумдарын даярдоо;
- ККга маалыматтык колдоо көрсөтүү;
- КК иш кагаздарын жүргүзүү.

### КК МҮЧӨЛӨРҮ

- Отурумдарга жеке өзү катышат;
- КК бир мүчөсү бир гана добушка ээ;
- ККнын кезексиз отурумун чакыра алат;
- ККда белгиленген тартипте бекитилбе-ген документтерди ККнын атынан жарыялоого, маморгандарга же башка адамдарга берүүгө укугу жок.

КК

**КК Координациялык кеңеши маморгандардын бардык коомдук кеңештеринин иргелешкен иш-аракеттерин координациялайт**

Кененирээк: "Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (20-берене)

КК бири-бири менен теңдештик жана өнөктөштүк принциптеринде иштешет.

**ККнын негизги иш формасы – отурумдар. КК отуруму эгерде ага мүчөлөрүнүн кеминде 2/3синен кем эмеси катышса укук ченемдүү деп эсептелет.**

**Коомдук кеңештин жыйналыштары ачык өткөрүлөт, аларга жарандар, жарандык коомдук уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катыша алышат.**

**Зарыл болгон учурларда коомдук кеңештин жыйналышына анын чечими боюнча министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведомстволордун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, илимий, профсоюздук жана башка уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле министрликтин, мамлекеттик комитеттин жана администрациялык ведомствонун ишине тиешеси бар чөйрөдө адистешкен эксперттер жана башка консультанттар чакырылышы мүмкүн.**

"Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (17-берене)

Маморгандын жетекчиси орун басарларынын бирин ККга өкүл кылып дайындайт, ал туруктуу түрдө ККда өз мамарганынын өкүлү болуу менен КК отурумдарына жеке өзү катышат.

АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМОРГАНДАРЫ

### МАМОРГАНДАРДЫН КК МЕНЕН ИШТЕШҮҮДОГҮ УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

- Маморган  КК отурумунун күн тартибин отурум башталганга 2 күндөн аз эмес убакыт калганда алат;
- Маморган өзү өткөргөн тендердик жана башка комиссиялардын отурумдарынын датасы, орду жана күн тартиби жөнүндө алар өткөрүлө турган күндөн 2 күндөн аз эмес убакыт калганда маалымдап, ККнын каалаган мезгилде аларга катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыздашы керек;
- Маморган КК отурумунун күн тартибине маселелерди киргизүүгө укуктуу;
- Маморган Маморган ККнын жылдык ишинин планынын көчүрмөсүн ал бекитилген күндөн 5 күндөн кеч эмес убакытта милдеттүү түрдө алышы керек;
- Маморган КК суроо-талабы боюнча зарыл болгон маалыматты берет (мам.жашыруун сырдан тышкары);
- ККнын суроо-талабы жиберилген мамаргандын кызматкери суроо-талап катталган күндөн кийинки 2 жумадан кечиктирбестен жазуу жүзүндө жооп даярдап берүүгө милдеттүү;
- Маморган КК отурумдары үчүн өткөрүлө турган жайды, оргтехниканы ж.б. камсыздап берет.

Кененирээк: "Коомдук кеңештер жөнүндө" КР Мыйзамы (18-берене)

КООМДУК КЕҢЕШТЕР OPEN SOCIETY FOUNDATIONS U N D P Empowered lives. Resilient nations.

Инфографика маморгандардын Коомдук кеңештеринин Координациялык кеңешинин (КК КК) тапшырыгы менен Ачык Коом Фондулары менен биргеликте каржыланган БУУӨПтүн "Потенциалды өнүктүрүү механизмдери" жана Европа Биримдигинин жана БУУнун «Социалдык акыйкаттулукка жетүүгө ак-ниет башкарууну илгерилетүү» долбоорлорунун көмөгү менен түзүлдү